МОН

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2021-жылдын 15-июлу, № 77

## Кесиптик стандартты иштеп чыгуу методологиясын жана Квалификациялардын тармактык алкактарын иштеп чыгуу методологиясын жактыруу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу жана жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелерине, кесиптик жамааттарга, кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарына кесиптик стандарттарды жана квалификациялардын тармактык алкактарын иштеп чыгууда методикалык жардам көрсөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр жактырылсын:
- Кесиптик стандартты иштеп чыгуу методологиясы 1-тиркемеге ылайык;
- Квалификациялардын тармактык алкактарын иштеп чыгуу методологиясы 2-тиркемеге ылайык.

2. Кесиптик стандарттарды жана квалификациялардын тармактык алкактарын иштеп чыгууда жумуш берүүчүлөрдүн бирикмелерине жана башка кызыкдар уюмдарга Кесиптик стандартты иштеп чыгуу методологиясын жана Квалификациялардын тармактык алкактарын иштеп чыгуу методологиясын жетекчиликке алуу сунушталсын.

3. Эмгек чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Методологияларды колдонуу боюнча түшүндүрмөлөрдү берсин.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Төрага** **У.А.Марипов**

№ 000461 *

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ**

**КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 15 июля 2021 года № 77

## Об одобрении Методологии разработки профессионального стандарта и Методологии разработки отраслевой рамки квалификаций

В целях реализации Национальной стратегии развития Кыргызской Республики на 2018–2040 годы, утвержденной Указом Президента Кыргызской Республики от 31 октября 2018 года № 221, Закона Кыргызской Республики «Об образовании» и оказания методической помощи объединениям работодателей, профессиональным сообществам, образовательным организациям профессионального образования при разработке профессиональных стандартов и отраслевых рамок квалификаций, в соответствии со статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Одобрить:
– Методологию разработки профессионального стандарта согласно приложению 1;
– Методологию разработки отраслевой рамки квалификаций согласно приложению 2.

2. Рекомендовать объединениям работодателей и другим заинтересованным организациям при разработке профессиональных стандартов и отраслевых рамок квалификаций руководствоваться Методологией разработки профессионального стандарта и Методологией разработки отраслевой рамки квалификаций.

3. Уполномоченному государственному органу в сфере труда предоставлять разъяснения по применению Методологий.

4. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Председатель** **У.А.Марипов**

№ 000459 *

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Кириш / Входящий №

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ №1 КАБИНЕТ МИНИСТРОВ

1-тиркеме

## Кесиптик стандартты иштеп чыгуу методологиясы

### 1. Жалпы жоболор

Кесиптик/эмгек ишмердүүлүгүнүн түрү – тектеш мүнөзгө, эмгектин жалпы натыйжаларына жана шарттарына ээ, жалпыланган эмгек функцияларынын жыйындысы.

Экономикалык иштин түрү – ишмердүүлүктүн түрлөрүн классификациялоонун кыйла бөлүнгөн категорияларын мүнөздөөчү продукттардын (товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн) бир тектүү топтомун алууну шарттаган процесс.

Кыргыз Республикасынын экономикалык иштеринин түрлөрүнүн мамлекеттик классификатору – Кыргыз Республикасынын техникалык-экономикалык жана социалдык маалыматтарын классификациялоонун жана коддоонун бирдиктүү системасынын курамдык бөлүгү болуп саналат.

Билимдер – иш же окуу жаатына байланыштуу фактылардын, принциптердин, теориялардын жана практикалардын жыйындысы. Билимдер теориялык жана/же фактологиялык мааниде баяндалат жана окутуу аркылуу маалыматты өздөштүрүүнүн натыйжасы болуп саналат.

Квалификация – мыйзамда белгиленген документтердин түрлөрү менен ырасталган, эмгек ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн зарыл болгон өздөштүрүлгөн билимдерди, көндүмдөрдү жана алынган тажрыйбаны таануу.

Компетенция – билимди, көндүмдү жана тажрыйбаны ар кандай кесиптик иш-аракеттерде колдоно билүү.

Компетенттүү иштин критерийлери – талаптарга жана ченемдерге ылайык белгилүү бир эмгектик функцияларды аткаруунун натыйжаларынын сыпаттамасы.

Жеке компетенциялар – конкреттүү турмуштук жана/же кесиптик кырдаалды кыйла натыйжалуу чечүүгө багытталган жүрүм-турум аракеттери.

Жөндөмдөр – бул автоматизмге чейин жеткирилген, жогорку сапаттагы эмгек функцияларын аткара билүү.

Кыргыз Республикасынын квалификацияларынын улуттук алкагы – бул улуттук квалификациялык чакан системаларды интеграциялоого жана координациялоого, квалификациялардын салыштырмалуулугун камсыздоого багытталган жана квалификациялардын ылайык келүүсүн тастыктоо жана ыйгаруу системасы үчүн негиз болуучу критерийлердин топтомуна ылайык квалификациялардын деңгээлдеринин түзүмдөштүрүлгөн баяндамасы.

Жалпыланган эмгек функциясы – белгилүү бир өндүрүштүк, өндүрүштүк эмес же бизнес процессинде түзүлгөн өз ара байланышкан эмгек функцияларынын жыйындысы.

Приложение 1

## Методология разработки профессионального стандарта

### 1. Общие положения

Вид профессиональной/трудовой деятельности – совокупность обобщенных трудовых функций, имеющих родственный характер, общие результаты и условия труда.

Вид экономической деятельности – процесс, приводящий к получению однородного набора продукции (товаров или услуг), характеризующий наиболее разукрупненные категории классификации видов деятельности.

Государственный классификатор видов экономической деятельности Кыргызской Республики – составная часть Единой системы классификации и кодирования технико-экономической и социальной информации Кыргызской Республики.

Знания – совокупность фактов, принципов, теорий и практик, которые связаны с областью работы или обучения. Знания описываются как теоретические и/или как фактологические и являются результатом усвоения информации через обучение.

Квалификация – признание освоенных знаний, умений и полученного опыта, необходимых для осуществления трудовой деятельности, подтвержденное установленными законодательством видами документов.

Компетенция – способность применять знания, навыки и опыт в различной профессиональной деятельности.

Критерии компетентной работы – описание результатов выполнения определенных трудовых функций в соответствии с требованиями и нормами.

Личностные компетенции – поведенческие действия, направленные на наиболее эффективное разрешение конкретной жизненной и/или профессиональной ситуации.

Навыки – доведенная до автоматизма способность качественно выполнять трудовые функции.

Национальная рамка квалификаций Кыргызской Республики – структурированное описание уровней квалификаций в соответствии с набором критериев, направленное на интеграцию и координацию национальных квалификационных подсистем, обеспечение сопоставимости квалификаций, являющееся основой для системы подтверждения соответствия и присвоения квалификации.